**УДК 327**

***Алымкулов Б.Н.***
*к.полит.н., доц. Жалал-Абадского гос. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*

## ЭЛ АРАЛЫК САЯСАТТАГЫ АДАМЗАТТЫН ГЛОБАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары эл аралык саясаттагы адамзаттын глобалдуу көйгөйлөрүнүн көп түрдүүлүгү жана абалы каралат. Изилдөөнүн максаты - эл аралык саясаттагы адамзаттын глобалдуу көйгөйлөрүн аныктоо жана аларды чечүүнүн илимий негизделген сунуштарын иштеп чыгуу. Изилдөөлөрдө окумуштуулардын илимий эмгектерин талдоо усулдары колдонулган. Глобалдык көйгөйлөр - жер бетиндеги эң курч, турмуштук маанилүү, дүйнөлүк жана жалпы адамзаттык маселелердин жыйындысы экендиги белгиленген. Глобалдык көйгөйлөрдү бүтүндөй жашоо аралыгындагы изилдөө жана аларды илимий жактан негизделген усулдар менен чечүү зарыл экендиги белгиленген. Эл аралык саясаттын негизги милдеттери жана аны чечүү жолдоруна мисалдар келтирилген. Көйгөйлөрдү чечүүнүн негизинде адамзаттын жашоо стратегиясы, элдердин цивилизациялык өнүгүүсүн жаңы чектерине алып баруусу жана дүйнөлүк саясаттын өзгөчө милдеттерин иштеп чыгуу жолдору көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *конверсия; демилитаризация; гарантия; экология; ракета; ядро; механизм; Бириккен Улуттар уюму; саясат; экономика; гуманизм; институция; глобалдык проблема.*

## ГЛОБАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ЧЕЛОВЕЧЕСТВА В МЕЖДУНАРОДНОЙ ПОЛИТИКЕ

*В данной работе предметом исследования рассматривается разнообразие и состояние глобальных проблем человечества в международной политике. Цель исследования - выявление глобальных проблем человечества в международной политике и разработка научно обоснованных предложений по их решению. В исследованиях использовались методы анализа научных работ ученых. Установлено, что глобальные проблемы - это совокупность наиболее острых, жизненно важных, глобальных и общечеловеческих вопросов на земле. Было отмечено, что необходимо изучать глобальные проблемы на протяжении всей жизни и решать их с помощью научно- обоснованных методов. Приведены основные задачи международной политики и примеры их решений. В основе решения проблем лежит стратегия выживания человечества, вывод цивилизационного развития народов на новые рубежи и пути разработки конкретных задач мировой политики.*

***Ключевые слова:*** *конверсия; демилитаризация; гарантия; экология; ракета; ядерное; механизм; Организация Объединенных наций; политика; экономика; гуманизм; институт; глобальная проблема.*

## GLOBAL PROBLEMS OF HUMANITY IN INTERNATIONAL POLITICS

*In this work, the diversity and the state of global problems of humanity in international politics are considered as the subject of research. The purpose of the study is to identify global problems of humanity in international politics and develop scientifically sound proposals for their solution. The research used methods of analyzing scientific papers of scientists. It has been established that global problems are a set of the most acute, vital, global and universal issues on earth. It was noted that it is necessary to study global problems throughout life and solve them using scientifically based methods. The main tasks of international policy and examples of their solutions are presented. The problem-solving is based on the strategy of human survival, bringing the civilizational development of peoples to new frontiers and ways to develop specific tasks of world politics.*

***Key words:*** *conversion; demilitarization; guarantee; ecology; missile; nuclear; mechanism; UN, politics; economy; humanism; institution; global problem.*

Байыркы мезгилдин ойчулдары саясатка ар кандай аныктама берип келишкен. Алардын ичинен; башкаруу үчүн падышалык искусство катары жана бардык жарандарды коргоо жана мүмкүн болсо, аларды эң жамандын эң жакшысы кылуу (Платон); туура жана акылман башкаруунун билими катары (Макиавелли); мамлекеттик аппараттын жетекчилиги же бул жетекчиликке таасири катары (Макс Вебер); таптык таламдардын күрөшү катары (Карл

Маркс). Учурдагы саясат таануучулар саясатты коомдук топтордун жүрүм-турумунда чагылдырылган коомдук кызыкчылыктарга байланыштуу ишмердүүлүк, ошондой эле коомдук мамилелерди жөнгө салуучу жана бийликтин өзүн да, бийлик үчүн атаандаштыкты да түзүүчү жүрүм-турум моделдеринин, институттарынын жыйындысы катары аныкташаарын билебиз.

Саясат – (байыркы грек сөзүнөн πολιτική - мамлекеттик ишмердүүлүк, – πόλις шаар, мамлекет) – мамлекеттик бийлик өкүлдөрү жана алардын кызмат адамдары, ошондой эле коомдук институттар өз максаттарын жана кызыкчылыктарын ишке ашыруучу адам ишмердүүлүгүнүн чөйрөлөрүнүн бири. Биздин заманга чейин V кылымда антикалык дүйнөнүн улуу ойчулу Аристотель белгилегендей: саясат адам табиятында өз ара дайыма карым-катышта болуп, коомдо жана коомдук топтордо толук кандуу жашоого ылайыкташкан өзгөчө жаралган социалдык-тиричилик катары тамырлап өнүккөн. Белгилүү немец окумуштуусу Макс Вебер (1864-1920). Саясат деп эмнени түшүнөбүз? деген суроо коюп, бул түшүнүк жетекчиликтин өз алдынча иш-аракетинин бардык түрүн камтыган, аябагандай кеңири ой жүгүртүү деген [1].

Андыктан саясат жөнүндөгү ой жүгүртүүлөр адегенде бийлик менен ага баш ийген букаралардын, мамлекет менен жарандардын ортосундагы мамилесин тастыктоодон башталат. Ошого карабастан, саясат жөнүндөгү мамилелердин мүнөзү жана жаратылышы тууралуу ой жүгүртүүлөрдү байыркы Кытайдын, Индиянын, античтик Грециянын окумуштууларынан жолуктурууга болот. Тагыраак айтканда саясат таануучулардын саясаттын тарыхын окуп изилдөөдө негизги таяна турган булак болуп байыркы Греция эсептелген. Ал эми дүйнөлүк саясаттын негизги милдеттери – бул ядролук курал жарактан, коркунучтан, күмөн саноодон, жек көрүүдөн эркин болгон дүйнөдө ишенимге негизделген эл аралык коопсуздук тутумун түзүү болуп эсептелет. Ага карабай жер бетиндеги күн сайын болуп жаткан өзгөрүүлөр ар бир жарандын турмуш тиричилигине зор таасирин тийгизип турат. XXI кылымдагы ядролук жана химиялык курал жарак өнүккөн убагында, ааламдагы бир дагы өлкө дүйнөлүк коомчулуктун кызыкчылыктарын эске албай туруп, өз алдынча тышкы саясатын жүргүзүүгө такыр мүмкүн эмес. Анткени алдыда чоң маселелер, мындан ары жашап кетүү, өнүгүүнүн шарттары эл аралык мамилелердин негизинде, тараптардын кызыкчылыктарынын эске алынуусунун болуусу зарыл шарттар менен мүнөздөлүүчү жагдайлар тураары бышык. Себеби, адамзаттын тарыхында күч колдонуу, күч менен баш ийдирүү өңүттөгү аракеттердин натыйжасы согуш менен аяктап, натыйжада кылымдар бою жаралган бийик маданияттардын, улуу цивилизациялардын кыйрашына алып келүүдө. Окумуштуулардын маалыматтарына таяна турган болсок, акыркы беш жарым миң жыл аралыгында он беш миңден көбүрөөк согуш катталып, 85 миллионго жакын адам көз жумган.

Ал эми глобалдык проблемаларга токтолсок - бул эң курч, турмуштук маанилүү, дүйнөлүк жана жалпы адамзаттык маселелердин жыйындысы. Аларды чечүү бардык элдердин жана мамлекеттердин биргелешкен аракеттерин талап кылат. Анын комплекстүүлүгү, системалуулугу жана жалпылык мүнөзү алардын айырмалануучу өзгөчүлүгү болуп саналат. Алар бүгүнкү күндөгү дүйнөнүн өсүп жаткан биримдиги, аны түзүүчү бөлүктөрдүн өз ара байланышы жана бири – бирине көз карандылыгынын күрөш тенденциялары менен шартталган. Башкы, биринчи даражадагылардын катарына согуш жана тынчтык проблемалары кирет. Анын ичинде өзгөчө көңүл бурула турган проблемалар: эл аралык коопсуздук, куралсыздандыруу жана конверсия, эл аралык мамилелерди демилитаризациялоо жана узак убакытка, бекем тынчтыкты орнотуу үчүн керек болгон гарантияларды түзүү,

элдердин ортосундагы ишенимди бекемдөө жана түрдүү тармактардагы кызматташтыкты кеңейтүү болуп саналат. Баса белгилеп кетүүчү нерсе бизди курчап турган айлана чөйрөнүн кескин түрдө начарлап кетүүсүнүн жыйынтыгында алдыңкы орунга экологиялык проблемалар чыгууда.

Айрыкча, мындай начарлоо адамзаттын ракеталык жана ядролук катастрофанын жыйынтыктары менен эле катарлаш экономикалык кыйраткыч коркунучунун алдында калтырды. Латын Америка, Африка жана Азия өлкөлөрүндөгү элдердин массалык түрдө жакырчылыкта күн өткөрүшү жана социалдык, экономикалык, маданий артта калуучулугу негизги көйгөйлөрдөн болуп саналат. Планетабыздагы калктын санынын тездик менен өсүшү, миллиондогон жарандардын жашоо шартынын андан ары төмөндөшү, демографиялык маселелердин оптимизациялоо чаралары да жогорудагы маселе менен тыгыз байланышта. Энергетикалык, азык-түлүк, чийки заттык тартыш маселелери, космостук мейкиндик көйгөйлөрү, таза суу тартыштыгы, дүйнөлүк океандарды ар түрдүү таштандылардан арылтуу сыяктуу жасала турган жумуштарды чечүүбүз зарыл. Андыктан, глобалдык проблемалар бири-бири менен аймактык, улуттук, мамлекеттик проблемалар менен үзгүлтүксүз байланышта келе жатат. Албетте, бул цивилизациялык өнүгүү жолундагы толгон токой карама-каршылыктар. Жалпылап айтканда социалдык, адам менен жаратылыштын ортосунда орун алып жаткан карама-каршылыктар деп муну дагы кошуп айтсак туура болчудай. Чындыгында бул абдан оор маселе. Мындай шартта бир мамлекет же ошол мамлекеттин жарандары гана эмес бирдиктүү иштелип чыккан программа, механизм жана аны ишке ашыруу үчүн каржылоо сыяктуу чоң маселелерди дүйнөлүк коомчулук жана ар бир жарандын жеке каалоосу, абийири менен гана жүзөгө ашырылуучу кызыкчылыктар түзөт. Демек, канткенде жыйынтык жакшы тарапка чечилет. Талашсыз түрдө айтуу мүмкүн, биринчи кезекте Бириккен Улуттар Уюму, демократиялык уюмдардын ролун жогорулатуу, эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгүн активдештирүү сыяктуу маселелерди колго алуу, дүйнө жүзүндөгү согуштук чыгымдарды азайтуу менен элдердин жыргалчылык жашоосуна шарттарды түзүү, өлкөлөр аралык кызматташтыкты жогорулатуу, планетабыздагы жалпы адамзаттын кызыкчылыктары менен бирге баалуулуктардын артыкчылыктарын камсыз кылуу сыяктуу кечиктирилгис жумуштар болуп саналат. Эл аралык саясаттын негизги элементтери бири-бири менен тыгыз байланышта болушат жана бир бүтүндүн бөлүктөрү катары өз ара аракеттенишет. Эл аралык саясаттын эффективдүүлүгү кабыл алынган саясый чечимдердин, ар кандай сунуштардын ишке ашуусу жана мамлекеттердин тышкы саясатынын реалдуу абалга келүүсүнө жана башка көптөгөн факторлорго байланыштуу. Белгилей кетсек, эл аралык саясатта ааламдашуу проблемаларынын чечилиши көптөгөн мезгилдерде чарбалык өнүгүүнүн динамикасына илимий-техникалык революциянын жайылышы ошондой эле дүйнөлүк чарба менен рыноктун чегинде бири-бири менен болгон байланыштын күчөшүнө алып келген, дүйнөлүк саясый мамилелердин прогресси үчүн экономикалык негиз түзүүчү келечектүү интеграциялык процесстер менен түшүндүрүлөт. Алсак, эл аралык саясаттын мүнөзү жана максаттары бардык катышуучулардын кызыкчылыктары ишке ашкан, туруктуу эл аралык чөйрөнү жараткан абалды элестетет жана эл аралык субьекттердин ишмердүүлүк талаасын, башкача айтканда саясый чөйрө катары өзүн көрсөтпөй, адамдардын улутуна, мамлекетине, социалдык, класстык тибине карабастан биримдүүлүгүнө аракет кылуудагы гумандуулук процесс катары каралат. Эл аралык саясаттын негизги милдеттеринин бири, ядролук жана химиялык курал-жарактан, ар кандай коркунучтан, түрдүү күмөн саноодон жана жек көрүүдөн эркин болгон дүйнөдө ишенимге негизделген эл аралык коопсуздук системасын түзүү болуп эсептелет. Ошондой эле эл аралык саясатта зордук зомбулук менен

катар күч колдонуу жана өлкөлөрдүн тирешүүсү жер бетинде адамзаттын жок болуп кетүүсүнө коркунуч алып келиши толук мүмкүн. Курчап турган чөйрөнүн көйгөйүнө кайрылуу XX кылымдын 70-жылдарынан орун алат, анда өзгөчө учур катары өзүнчө мамлекетке гана тиешелүү эмес, бүтүндөй дүйнө өлкөлөрү үчүн жалпы болуп саналган, топтолгон көйгөйлөр белгиленет. Дүйнөлүк коомчулук курчап турган чөйрөгө келтирилген зыянды түшүнөт жана курчап турган чөйрөнүн абалына өнүгүп, өсүүнүн перспективаларын талдоого аракеттер көрүлөт. Албетте, дүйнөлүк коомчулуктун өнүгүүсүнүн бул этабында негизги роль Брунтланд комиссиясы тарабынан жасалган Биздин жалпы келечегибиз отчетуна таандык (1987-ж.) [2]. Сунушталган курчап турган чөйрөнүн абалынын жана өнүгүү перспективаларынын талдоосунда, коомдун өнүгүү концепциясы актуалдуу теориялык-практикалык ресурс болуп калат жана жаңы көйгөйлөрдүн, аны чечүү боюнча отчеттордун пайда болушуна жараша жыл өткөн сайын актуалдуулукка ээ боло берет.

Адамзаттын басып өткөн татаал тагдырлары, кыр ашкан кыйынчылыктары албетте көптөгөн тарыхый окуяларга бай жана аны окуп үйрөнүү бир жагынан кызыктуу, экинчиден көптөгөн илимий изилдөөлөрдү талап кылуучу жараян. Миңдеген жылдар аралыгында адамзат жашоо үчүн күрөштү жана өзү жашап жаткан коомго ыңгайлаша баштады, же тескерисинче коомду өздөрүнө ылайыктап кура баштапты. Күнүмдүк жашоо тиричилигин, социалдык абалын жакшыртуу максатында ар кандай шарттарда сыноолорго жана түрдүү көйгөйлөргө дуушар болду. Ошентип кылымдар бою жашоосун жакшыртуу максатында, алгачкы билимге ээ болуучулук жана анын негизинде аң сезим калыптанып, дүйнөнү дагы да тереңирээк тааный баштады. Бул көрүнүш албетте бир чети цивилизациянын пайда болушу деп айтсак, кийинки  жагынан өздөрү билбеген таризде аста секиндик менен жапайы жаратылышты кыйратуу, экологияны талкалоо деп айтсак ачуу чындыкка дал келчүдөй кеп болмокчу. Маселен, деңиз жолунун ачылышы, кагазды ойлоп табуу, кен байлыктарды казуу, жаңы жерлерди өздөштүрүү өңдүү көрүнүштөр. Чындыгында адам баласынын бара бара жашоону үйрөнүүсү, коомго ыңгайлашуусу, аң сезимдин калыптануусу бул жакшы көрүнүш, бирок жаратылышты өздөштүрүү менен биргеликте өзү билбеген жагдайда жер жүзүндө көйгөйлүү маселелердин көп түрдүүлүгүн жаратып, жыйынтыгында бир же эки эмес андан да көп көйгөйлөрдүн жаралышына себепкер катары эсептелип отурат. Ааламдагы цивилизациянын туу чокусуна жетүү менен бир катарда XX кылымдын 60-жылдырындагы космостук мейкиндикти изилдөө, жер планетасын үйрөнүү иштериндеги жаңы ачылыштар адамзат тарыхындагы жаңы кадамдар илим техникадагы чоң бурулуштарга алып келди. Ошону менен бир катарда согуштук куралсыздандыруу, ядролук куралдардын коркунучу, согуштук аракеттер, социалдык маселелердин көп түрдүүлүгү, жакырчылык көйгөйлөрү сыяктуу көрүнүштөр ан сайын адамзат жашоосундагы өз ара чыр чатактардын чыңалышына жана ааламдык масштабтагы курч маселелердин жаралышын жаратты. Азыркы дүйнөдө 200гө жакын мамлекет бар, алардын көбү БУУнун, түрдүү эл аралык уюмдардын мүчөлөрү жана эл аралык турмушка активдүү катышууда. Бул багытта эл аралык мамилелер – саясий, экономикалык, социалдык, медициналык, дипломатиялык, укуктук, аскердик, гуманитардык байланыштардын жана алардын дүйнөлүк коомчулуктун негизги субъекттеринин ортосундагы мамилелердин системасы чоң роль ойнойт. Ресурстар үчүн күрөш жана дүйнөнү кайра бөлүштүрүү дүйнөлүк саясатта блоктук принциптин орношуна алып келди.

Окумуштуу А.А.Бекбоев ырас, улуу бабабыз Жусуп Баласагындын урпактарга арнаган улуу эмгеги унутулгус тарыхый, рухий дөөлөт экендиги шексиз. Анын ойлору бүгүнкү катаал мезгил койгон көйгөйлүү маселелер менен үндөш. Адамдын пейли, ыйманы, жарык дүйнөдөгү жашоосу жөнүндөгү мазмундуу сөздөр менен шөкөттөлгөн маңыздуу ойлору азыркы,

кийинки урпактар үчүн улуу сабак. Улуу бабабыз өз чыгармасы аркылуу макрокосмос менен микрокосмостун данакери, айың менен күнүндүн ширөөсүнөн бүткөн улуу инсан катары улуу турмуш жолунда саякаты улана берет. Анткени, ал өткөн менен келечектин шайкештигин данакерлеген даанышман ойчул - деп өз оюн билдирип өткөн [3].

**Жыйынтык**

Глобалдык көйгөйлөр - жер бетиндеги эң курч, турмуштук маанилүү, дүйнөлүк жана жалпы адамзаттык маселелердин жыйындысы экендиги белгиленген. Глобалдык көйгөйлөрдү бүтүндөй жашоо аралыгындагы изилдөө жана аларды илимий жактан негизделген усулдар менен чечүү зарыл экендиги белгиленген. Эл аралык саясаттын негизги милдеттери жана аны чечүү жолдоруна мисалдар келтирилген. Көйгөйлөрдү чечүүнүн негизинде адамзаттын жашоо стратегиясы, элдердин цивилизациялык өнүгүүсүн жаңы чектерине алып баруусу жана дүйнөлүк саясаттын өзгөчө милдеттерин иштеп чыгуу жолдору көрсөтүлгөн.

**Адабияттар тизмеси:**


1. Саясат таануу: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби.- Б., 2012. 240 б. 13-бет
2. Европейская конвенция о правах человека и Европейская социальная хартия: право и практика / [Текст]. – М.: Издательство Московского независимого института международного права, 1998. – С. 225- 227.
3. **Баласагын Ж.** Куттуу билим: Дастан [Текст] / Байыркы түрк тилинен которгон Т.Козубеков; Сүрөтчүсү А. Акматов.- Москва, 1993.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.425

Поступила в редакцию: 22.04.2024 г.

**УДК 347.965**

***Джоробекова А.М.***
*д.ю.н., профессор ВАК Кыргызской Республики*
***Абдикерим к. Г.***
*к.ю.н., доцент Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Көкөева А.М.***
*д.ю.н., проф. Кыргызско-Узбек. Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## АДВОКАТУРА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ СОЦИАЛДЫК ИНСТИТУТ КАТАРЫ

*Бул жумушта изилдөө предмети болуп Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жараяны эсептелинет. Изилдөөнүн максаты - адвокаттардын ишинин функцияларын жана принциптерин аныктоо, ченемдик укуктук базаны талдоо, адвокатураны социалдык институт катары көз карандысыздыгын тастыктоо. Изилдөөлөрдө Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө мыйзамдарын талдоо методдору колдонулган. Адвокатура көз карандысыз социалдык институт катары каралып, азыркы коомдогу анын ролу аналитикалык изилдөөлөргө алынган. Адвокаттардын ишинин функцияларын жана принциптерин аныктаган ченемдик укуктук базалар талдоого алынган, алардын социалдык институт катары көз карандысыздыгына басым жасалган. Жарандардын укуктарын камсыз кылууда жана сот адилеттигинин принциптерин сактоодо адвокаттардын ролуна өзгөчө көңүл бурулуусу керек экендиги белгиленген. Адвокаттардын ишмердүүлүгүнүн ченемдик укуктук базасы, алардын укук коргоо органдары менен өз ара мамилелери, ошондой эле адвокаттык кесиптин көз карандысыздыгына таасир этүүчү аспектилер талданган. Жүргүзүлгөн талдоолор адвокатуранын укук тутумдагы ролун түшүнүүнү кеңейтүүгө жана бул жаатта мындан аркы изилдөөлөр үчүн негиз түзүүгө багытталгандыгы көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр**: адвокат; адвокаттык ишмердүүлүк; адам укуктарын коргоо; кардар; укук коргоо ишмердүүлүгү; укук коргоо органы.*